№3 өндүрүштүк кеңешменин чечими менен
№3 Токтому 20.10.2022-жыл

Бекитемин
Мектеп директору
Тодобек кызы Анара

Жоробек Сатылганов атындагы орто мектебинин

"Ишеним почтасынын" ЖОБОСУ

1.1. Окуучулар укугун коргоо, психикалык педагогикалык колдоо көрсөтүү максатында, "Балдардын укугун коргоо конвенциясынын" негизинде мектепте "Ишеним почтасы" уюшулган.
1.2. "Ишеним почтасы" окуучулардын сабак убагындагы жана мектептен сырткаркы убактагы коопсуздугун камсыздайт. Бул окуучуларды кызыктырган суроолорго ишенимдик түрдө жооп алууга шарт түзүп берүүчү иш-аракеттердин топтому.

"Ишеним почтасынын" максаттары

2.1. Окуучулардын билдирүүлөрүн, каалоо-тилектерин, өтүнүчтөрүн, сунуштарын анонимдүү кабыл алуу жана анализ жүргүзүү.
2.2. Тигил же бул себептерден улам ачыкка чыкпай турган маалыматтарды изилдеп, колдоо көрсөтүү.
2.3. Окуучулардын мектеп администрациясы, мугалимдер ортосундагы тоскоолдуктарга бөгөт коюу менен окуучуларга психикалык-педагогикалык жардам көрсөтүү.

Материалдык-техникалык камсыздоо

"Ишеним почтасы" максаттуу, эффективдүү иш алып баруусу үчүн төмөндөгү шарттар аткарылат:
3.1. Материалдык-техникалык каражаттар
-Каттар үчүн кутуча
-Маалыматтарды көрсөтүүчү такта
3.2. "Ишеним почтасы" 2-этажда орнотулган
"Ишеним почтасынын" иштөө эрежелери

4.1. Окуучулар кайрылууларды кутучага салышат (классын, фамилия, аты жазылбайт).
Анонимдүүлүк сакталат.
Маалыматы так болуш керек.
4.2. Кайрылууну жазган күнүн, айын жазуусу керек.
4.3. БӨУнун жетекчиси, соцпедагог жана мектеп парламентинин мүчөлөрү менен бирдикте белгиленген убакта (бир айда бир жолу) кутучаны ачып, каттар менен таанышып, акт түзүлөт жана анализдеп, тиешелүү чаралар көрүлөт.

Сканировано с CamScanner